**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ**
**ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ**
**ДАРКАН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**ДАРКАНСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

## XXVIII чакырылышынын кезексиз №18-сессиясынын

**2023-жылдын 28-августу , № 87** **Даркан айылы**

## Т О К Т О М У

**Муниципалдык менчиктеги обьектилер жана жерге жайгаштыруу маселелери жөнүндө**

Муниципалдык менчиктеги обьектилери жана жерге жайгаштыруу маселелери жөнүндөгү айыл өкмөтүнүн жер, турак жай жана өзгөчө кырдаалдар боюнча башкы адиси С.Токоевдин маалыматын угуп жана талкуулап айылдык кеңеш **токтом кылат:**

1. Айыл өкмөтүнүн карамагындагы муниципалдык менчиктеги 12 ( он эки) обьекти конкурстун негизинде айыл тургундарына ижарага берүүгө макулдук берилсин. (Обьектилердин тизмеси тиркелет)
2. Айыл аймагындагы Төш өрөөнүндөгү №334 –контурунда жайгашкан жайыт эсебиндеги 8 га жер аянтын айыл аймактагы мүрзөнүн аянтын кеңейтүү максатында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 19-мартындагы №169 “ Жер участокторун которуу (трансформациялоо) тартиби жөнүндө убактылуу жобону бекитүү тууралуу” токтому менен бекитилген жобого ылайык багыты III категорияга өзгөртүлсүн.
3. Айыл аймагынын Ак-Жар массивиндеги № 330 - контурундагы жалпы аянты 3 га жайыт жерин айыл жаштарын улуттук ат оюндарга ( көк бөрү ) тартуу максатында жер тилкеси бөлүнүп берилсин, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 19-мартындагы “ Жер участокторун которуу (трансформациялоо) тартиби жөнүндө убактылуу жобону бекитүү тууралуу” №169 токтому менен бекитилген жобого ылайык багыты III категорияга өзгөртүлсүн.
4. Айыл аймагынын №464,466 – контурундагы багыты “Калктуу конуштардын жерлери” категориясына которулган жерден Коомдук алдын-алуу борборунун имаратын курууга 600 кв.м жана “Кыргыз почтасы” мамлекеттик ишканасынын Даркан айыл аймагындагы бөлүмүнүн имаратын куруу үчүн 600 кв.м жер тилкеси бөлүнүп берилсин.
5. Токтомдогу көрсөтүлгөн маселелер боюнча тиешелүү иш кагаздарын даярдап, райондук мекеме-ишканалар менен иш алып баруу жагы С.Токоевге тапшырылсын.
6. Токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагын өзүмө калтырамын.

**Төрагасы** **Б.Муканбетов**